**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**

**ОШ АЙМАКТЫК МЕДИЦИНАЛЫК КОЛЛЕДЖИ**

**«Каралды жана бекитилди»**
Пед. жана мет. кеңешинин
отурумунда
2025-жылдын ______
№ 1 протоколу

БЕКИТЕМ
ОАМКнын директору
Юлдашева С.Э.
______________
«30» 09 2025-ж.

**Предметтик-циклдик комиссия жөнүндө**
**ЖОБО**

**Ош – 2025/2026 жж.**

**Ош аймактык медициналык колледжинин гумантирадык жана клиникалык предметтик-циклдик комиссиялар жөнүндө ЖОБО**

**1. Жалпы жоболор**

**1.1.** Бул жобо Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына, 2004-жылдын 3-февралындагы №53 «Орто кесиптик билим берүү уюму жөнүндө жобого», Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 4-июлундагы №470 «Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүү уюмдарынын ишин жөнгө салуучу актыларды бекитүү жөнүндө» токтомуна жана башка Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларына ылайык иштелип чыккан.

**1.2.** Орто кесиптик билим берүүнүн предметтик-циклдик комиссиясы (мындан ары – ПЦК) ОАМКнын милдеттүү уюштуруучулук жана методикалык бирикмеси болуп саналат.

**1.3.** Предметтик-циклдик комиссия өз ара байланышкан бир катар окуу дисциплиналарынын окутуучуларын бириктирет. Ал жалпы билим берүүчү жана кесиптик дисциплиналардан турат.

**1.4.** Предметтик-циклдик комиссия окуу планындагы бир же бир нече байланышкан дисциплиналардын окутуучуларын бириктирет жана ал ПЦКнын курамына кириши мүмкүн же өз алдынча түзүм катары иштеп, ар түрдүү адистиктердин ПЦКларынын ишине катыша алат.

**1.5.** ПЦК төмөнкү максаттарда түзүлөт:

- жумушчу окуу пландарынын жана окуу дисциплиналарынын методикалык камсыздоосун иштеп чыгуу;
- ОАМКда ишке ашырылуучу орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарына (ГОС СПО) ылайык иш жүргүзүү;
- колледждин окутуучуларына бүтүрүүчүлөрдүн даярдык деңгээлине жана мазмунунун минималдык талаптарына жооп берүүнү камсыз кылууда жардам көрсөтүү;
- студенттердин белгилүү бир кесиптик ишмердүүлүктү аткарууга даярдыгын жана ГОС СПОнун «Натыйжаларды өздөштүрүүгө коюлуучу талаптар НКББП» бөлүмүндө көрсөтүлгөн компетенциялардын калыптанышын камсыз кылуу;
- ОАМКнын педагогикалык кызматкерлердин кесиптик чеберчилигин жогорулатуу;
- адистерди даярдоонун сапатын жогорулатууга багытталган алдыңкы усулдарды жана жаңы технологияларды киргизүү.

**1.6.**
ПЦК өз ишин методикалык максатка ылайык жана ОАМКнын ОКББдагы студенттик жана окутуучулук жамааттын кызыкчылыктарын эске алуу менен жүргүзөт. ПЦК ОКББнын жетекчилиги, окуу бөлүмү жана педагогикалык кеңеш менен тыгыз кызматташтыкта иш алып барат.

AnyScanner

ПЦКнын төрагалары жыл сайын аткарылган иштер боюнча педагогикалык кеңешке отчет беришет.

**1.7.** ОКББдагы предметтик-циклдик комиссиялар жөнүндө жобо колледждин директору тарабынан бекитилет.

## 2. Негизги милдеттер

**2.1.** Төмөнкү багыттар боюнча иш-чараларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу:

- ОАМКда орто кесиптик билим берүү мекемелеринин ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу ченемдик актыларга ылайык билим берүү процессин уюштуруу боюнча иш-чараларды иштеп чыгуу;
- иш берүүчүлөр менен өз ара аракеттенүүнү координациялоону камсыз кылуу;
- колледждин педагогикалык кызматкерлеринин кесиптик чеберчилигин өркүндөтүү;
- жаңыдан иш баштаган окутуучуларга (өндүрүштүк окутуунун мастерлерине) методикалык жардам көрсөтүү, педагогикалык кызматташтык принциптерин өнүктүрүү.

**2.2.** Билим берүү процессин методикалык камсыздоо, окуу-программалык документацияны өркүндөтүү, студенттердин билимдерин жана көндүмдөрүн баалоого бирдиктүү талаптарды иштеп чыгуу.

**2.3.** Студенттердин чыгармачылык потенциалын өнүктүрүүгө жана алардын таанып-билүү ишмердүүлүгүн активдештирүүгө өбөлгө түзгөн алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларды изилдөө, жалпылоо жана жайылтуу.

**2.4.** Адистерди даярдоонун сапатын жогорулатууга багытталган педагогикалык технологияларды киргизүү.

**2.5.** Дисциплиналар боюнча окуу-материалдык базаны талдоо, баалоо жана өнүктүрүү.

## 3. Предметтик-циклдик комиссиянын ишмердүүлүгүнүн негизги багыттары

**3.1.** Окуу-методикалык камсыздоону иштеп чыгуу, кароо жана талкуулоо (анын ичинде окуу дисциплиналарынын окуу-методикалык комплекстери – ОМК):

- жумушчу программалар;
- өндүрүштүк (кесиптик) практиканын программалары;
- студенттердин өз алдынча ишинин (СӨАИ) тематикасы жана мазмуну;
- ар бир адистик боюнча мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациянын программалары;
- окуу дисциплиналарынын же алардын айрым темалары менен бөлүмдөрүн өздөштүрүү боюнча, практикалык иштерди аткаруу, өз алдынча ишти уюштуруу боюнча методикалык колдонмолор жана сунуштар ж.б.

**3.2.** Айрым дисциплиналар же дисциплиналар цикли боюнча студенттердин билимдерин жана көндүмдөрүн баалоого бирдиктүү талаптарды иштеп чыгуу (агымдагы жана жыйынтыктоочу көзөмөлдө, ошондой эле мамлекеттик аттестациялык сыноолордо).

**3.3.** Аралык жана жыйынтыктоочу аттестацияларды өткөрүү үчүн зарыл болгон экзамендик материалдарды, контролдук жана зачеттук иштердин тапшырмаларын, тесттерди, экзамендик билеттерди ж.б. иштеп чыгуу, жактыруу жана колледждин методикалык кеңешине бекитүүгө сунуштоо.

**3.4.** Колледждин окутуучулук курамынын педагогикалык чеберчилигин өркүндөтүү жана кесиптик квалификациясын жогорулатуу, предметтер аралык байланышты камсыз кылуу, педагогикалык салттардын уланмалуулугун сактоо, жаш окутуучуларга жардам көрсөтүү.

**3.5.** Колледждин окутуучулары тарабынан сабактарга өз ара катышууларды уюштуруу. Ачык сабактарды (лекция, семинар, лабораториялык жана практикалык иштерди) талкуулоо.

**3.6.** Колледждин педагогикалык кеңешинде кароого сунуштоонун алдында жумушчу окуу программаларын, окуу китептерин, окуу-методикалык колдонмолорду, плакаттарды жана башка окутуу каражаттарын изилдөө, талкуулоо жана рецензиялоо.

**3.7.** Кабинеттердин ишинин мазмунуна бирдиктүү талаптарды иштеп чыгуу, сабактарды өткөрүү пландарын талкуулоо, окутуучулар менен студенттердин эксперименталдык-чыгармачылык иштерин уюштуруу.

### 4. Предметтик-циклдик комиссияны түзүү тартиби, курамы жана ишин уюштуруу

**4.1.** Предметтик-циклдик комиссиялардын тизмеси жана алардын курамы колледждин педагогикалык кеңеши тарабынан аныкталып, колледж жетекчисинин буйругу менен бир окуу жылына бекитилет.

**4.2.** Комиссиялардын сандык курамы методикалык максатка ылайык аныкталат, бирок беш адамдан ашпоого тийиш.

**4.3**.Комиссиялардын төрагалары педагогикалык кеңештин сунушунун негизинде колледж жетекчиси тарабынан эң тажрыйбалуу окутуучулардын арасынан бир жылдык мөөнөткө дайындалат.

**4.4.** ПЦКнын төрагасы тиешелүү квалификация боюнча адистерди даярдоону уюштурууга жоопкерчилик тартат. Ошондой эле комиссиянын багыты боюнча адистерди даярдоо маселелери үчүн жооп берет.

**4.5.** ПЦКнын төрагасы төмөнкү функцияларды аткарат:

- комиссиянын ишин пландаштыруу, уюштуруу жана түздөн-түз жетектөө;
- комиссиянын окутуучуларынын ишине чыгармачылык, методикалык жана уюштуруучулук көзөмөл жүргүзүү;

-окутуучулар тарабынан комиссияга тиешелүү документтердин туура жүргүзүлүшүн көзөмөлдөө;

-аралык аттестация жана мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация мезгилинде экзамендик комиссиялардын курамын түзүү боюнча уюштуруучулук иштерди жүргүзүү.

**4.6**. ПЦКнын жыйындары зарылчылыкка жараша өткөрүлөт.

**4.7**. ПЦКнын төрагалары түздөн-түз колледждин директоруна баш ийишет.

**4.8.** Комиссиянын мүчөлөрү болуп саналган окутуучулар ПЦКнын компетенциясына тиешелүү маселелер боюнча түздөн-түз комиссиянын төрагасына баш ийишет.

**5. ПЦКнын төрагасынын жана мүчөлөрүнүн укуктары жана милдеттери**

ПЦКнын төрагасы жана мүчөлөрү төмөнкү укуктарга ээ:

- окуу дисциплиналары жана практикалар боюнча колдонулуп жаткан окуу программаларынын мазмуну, дисциплиналарды окутуунун ырааттуулугу боюнча сунуштарды киргизүүгө, жаңы окуу программаларын иштеп чыгууга;
- билим берүү процессин жакшыртуу, иш усулдарын өркүндөтүү жана колледждин ишмердүүлүгүндөгү кемчиликтерди жоюу боюнча сунуштарды киргизүүгө;
- жетекчиликтин тапшырмасы боюнча билим берүү мекемесин башка мекемелерде өкүлчүлүк кылууга;
- студенттерди окуудагы жетишкендиктери жана илимий-изилдөө, чыгармачылык иштерге активдүү катышканы үчүн моралдык жана материалдык сыйлоонун түрлөрүнө көрсөтүү боюнча сунуштарды киргизүүгө;
- жогорку кесиптик жыйынтыктар үчүн ПЦКнын окутуучуларын сыйлоо боюнча колледж администрациясына сунуш киргизүүгө;
- окутуучуларды квалификациялык категориясын жогорулатууга сунуштоо жана сунуштамаларды даярдоого;
- окутуучуларга квалификациясын жогорулатуунун ар кандай формаларын сунуштоого;
- педагогикалык кызматкерлерди аттестациялоонун мазмунун жана уюштурулушун өркүндөтүү боюнча сунуштарды киргизүүгө;
- ПЦКнын окутуучуларынын алдыңкы педагогикалык тажрыйбасын басып чыгаруу маселесин колледж администрациясынын алдына коюуга;
- окутуучуларды колледждин башкаруу органдарынын ишине катышууга сунуштоого;
- колледждеги окуу жана тарбия процесстерин уюштурууга байланышкан маселелер боюнча администрацияга кайрылууга.

**6. ПЦКнын мүчөлөрү төмөнкүлөргө милдеттүү:**

- билим берүү стандарттарын, окуу программаларын толук жана сапаттуу аткарууну камсыз кылууга;
- окуу программаларын аткарууга;

- окуу-программалык документацияны иштеп чыгууга катышууга;
- окуу дисциплиналары (практикалар) боюнча пландаштырууну жүзөгө ашырууга;
- ПЦКнын жыйындарына катышууга жана анын ишине активдүү аралашууга;
- циклдик комиссия тарабынан кабыл алынган чечимдерди жана ПЦКнын төрагасынын тапшырмаларын аткарууга;
- кесиптик багыт берүү (профориентация) иштерин жүргүзүүгө;
- илимий-методикалык, окутуучу жана маалыматтык иш-чараларга катышуу, иш тажрыйба алмашуу, ошондой эле квалификацияны жогорулатуу курстары жана стажировкалар аркылуу педагогикалык жана методикалык чеберчиликти үзгүлтүксүз өркүндөтүүгө;
- циклдик комиссиялардын алкагында өткөрүлүүчү сынактардын, олимпиадалардын, илимий-практикалык конференциялардын жоболорун жана пландарын иштеп чыгууга катышууга жана аларды уюштурууга көмөк көрсөтүүгө;
- окуучулардын дисциплиналар боюнча илимий-изилдөө жана чыгармачылык иштерине жетекчилик кылууга жана көзөмөл жүргүзүүгө, алардын шаардык, республикалык жана эл аралык деңгээлдеги сынактарга, олимпиадаларга, илимий-практикалык конференцияларга катышуусун камсыз кылууга;
- окутуучулардын иш тажрыйбасын жалпылоодо, аттестациялык материалдарды даярдоодо, мамлекеттик сыйлыктарга көрсөтүүдө жардам көрсөтүүгө;
- окуу ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктарын, дисциплиналар боюнча курстук иштердин аткарылышын системалуу талдоого;
- ачык сабактарды өткөрүүгө, ПЦКнын башка окутуучуларынын сабактарына катышууга жана аларды талкуулоого;
- студенттердин контингентин сактоо боюнча иштерди жүргүзүүгө;
- өз ишинин сапаты жана жыйынтыктары үчүн жоопкерчилик тартууга.

**7. ПЦКнын төрагасы төмөнкү иштерди уюштурат:**

- циклдик комиссиянын жыйындарын өткөрүүнү;
- жаңыдан иш баштаган окутуучулар (өндүрүштүк окутуунун мастерлери) менен иштөөнү;
- окуу дисциплиналарынын окуу-методикалык камсыздалышын;
- студенттердин окуу дисциплиналары жана практикалар боюнча учурдагы жана жыйынтыктоочу аттестациясын өткөрүү үчүн материалдарды иштеп чыгууну;
- студенттердин контингентин сактоо боюнча иштерди;
- ачык окуу сабактарын даярдоо жана өткөрүү, сабактарга өз ара катышуу, тарбиялык (аудиториядан тышкаркы) иш-чараларды уюштурууну;
- окуу китептерин, окуу куралдарын, практикумдарды басып чыгарууга материалдарды тандоо иштерин;
- ПЦК мүчөлөрүнүн иш тажрыйбасын жалпылоону.

AnyScanner

**8. ПЦКнын төрагасы бекитүүгө даярдайт:**

- ПЦКнын иш планы жана жылдык отчету;
- календардык-тематикалык пландар;
- окуу дисциплиналары жана практикалар боюнча окуу программалары;
- дисциплиналар боюнча окуу-методикалык комплекстер;
- дифференцияланган зачеттор жана экзамендер үчүн материалдар;
- ПЦКнын окутуучуларын (өндүрүштүк окутуунун мастерлерин) педагогикалык аттестациялоого мүнөздөмөлөр;
- **ПЦК жумалыгынын планы;**
- **милдеттүү контролдук иштерди өткөрүүнүн графиги;**
- **консультациялардын жана кошумча сабактардын графиги**.

**9. ПЦКнын төрагасы төмөнкүлөрдү көзөмөлдөйт:**

- комиссия мүчөлөрү тарабынан окуу сабактарынын жана практикалардын сапаттуу өткөрүлүшүн (жылына кеминде 10 сабак);
- студенттердин учурдагы аттестациясынын туура жүргүзүлүшүн жана семестрдик баалардын коюлушун;
- дисциплиналар боюнча окуу-методикалык комплекстердин абалын, учурдагы жана жыйынтыктоочу аттестациянын материалдарын;
- ПЦК мүчөлөрүнүн сабактарга өз ара катышуусун, ачык сабактарды жана иш-чараларды өткөрүүсүн.

**9.1.** ПЦКнын төрагасы комиссиянын ишмердүүлүгүнө тиешелүү буйруктарды, көрсөтмөлөрдү жана чечимдерди өз убагында окутуучуларга жеткирип, алардын аткарылышын көзөмөлдөйт.

**9.2..** ПЦКнын төрагасы кесиптештери менен өз ара мамилесин достук жана өз ара урматтоо принциптеринин негизинде түзүп, жамаатта жагымдуу моралдык-психологиялык климатты сактоого өбөлгө түзөт.

**10. ПЦКнын документациясы**

ПЦКнын документациясы төрагада сакталат жана төмөнкүлөрдү камтыйт:

- адистиктердин, багыттардын жана адистешүүлөрдүн окуу пландары;
- орто кесиптик жана кесиптик-техникалык билим берүү деңгээлинде окуу-методикалык комплекс жөнүндө жобо;
- предметтик-циклдик комиссия жөнүндө жобо;
- ПЦК жыйындарынын протоколдору;
- окуу жылына карата ПЦКнын иш планы жана отчету;

**11. ПЦК жумалыгын өткөрүү планы;**

- окуу дисциплиналары боюнча класстан тышкаркы иш-чаралардын пландары;

AnyScanner

- ПЦК окутуучуларынын консультацияларынын жана кошумча сабактарынын графиги;
- ПЦК окутуучуларынын сабактарга өз ара катышуу графиги;
- катышылган сабактар боюнча материалдар.

ГКД ПЦКнын төрайымы     Папишова А.Б.

ОАМКнын директору     Юлдашева С.Э.